DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



*Дуйшекеева А.Т., Костюк Ш.А.*

# БИРИНЧИ РАДИОНУН «АТА ЖУРТ АЖАРЫ» ПРОГРАММАСЫНДАГЫ ИНТЕРВЬЮ ЖАНРЫ

*Дуйшекеева А.Т., Костюк Ш.А.*

# ЖАНР ИНТЕРВЬЮ В ПРОГРАММЕ ПЕРВОГО РАДИО «АТА ЖУРТ АЖАРЫ»

*A. Duishekeeva, Sh. Kostyuk*

# GENRE OF INTERVIEWS IN THE PROGRAM OF THE FIRST RADIO «ATA ZHURT AZHARY»

*УДК: 654.19:303.62;78 (575.2.)(04)*

*Учурда журналистиканын жанрлары кыймылда модификацияга дуушар болуп, жанрлардын «аралашуусу» журналисттик чыгармалардын жаңы түрлөрүнүн пайда болушуна алып келди. Жанрлардын өз ара таасирленүү, бири-бирин байытуу процесстери, уктуруулардын диалогго ыктоосу мүнөздүү көрүнүш болуп калды. Радиоуктурууга мүнөздүү болгон жанрлардын бири интервьюнун манызы диалог болуп саналат. Макалада автор «Ата журт ажары» таанып-билүү программасындагы интервью жанрын структурасын жана функционалдык касиеттерин анализдеген. Биринчи радионун эфиринен тартууланган «Ата журт ажары» программасынын максаты Кыргызстандын ажайып кооз жерлерин даңазалоо, тарыхый эстеликтердин маанисин, баалуулугун угармандарга жеткирүү, кыргыздын нарк-насилдерин, улуттук каада салттарын, көчмөндөр маданиятын жайылтуу аркылуу ата-журтубузду таанытуу болуп саналат. Ошондуктан программа Кыргызстандын аймактарындагы ажайып кооз жерлерге, алардын тарыхына, же кыргыз жергесин даңктаган маанилүү окуяларга, кол өнөрчүлүккө, улуттук маданият, искусство темаларына арналат.*

***Негизги сөздөр:*** *радиоуктуруу, жанр, интервью, структура, тема, таанып билүү, тарых, маданият, синхрон, музыкалык жасалга.*

*В данный период жанры в журналистике находятся в движении, модифицируются, происходит «смещение» жанров, проявление новых видов журналистского творчества. Характерна диалогизация вещательных форм и модификация, активное движение к взаимовлиянию, обогащению жанров. Диалогом по сути является один самых традиционных для вещания жанр – интервью. В статье автор представляет анализ структуры и функционирования жанра интервью в познавательной программе «Ата журт ажары». Цель программы «Ата журт ажары» Биринчи радио – прославлять красоту природы кыргызской земли, доведение до слушателей значение и ценность исторических памятников, расспространять познавательную информацию о нашей родине, пропагандируя национальные традиции, ценности, культуру кочевников. Поэтому программа может быть посвящена рассказам посредством интервью о замечательных исторических местностях, или же о важных событиях в судьбе народа, о народном творчестве, национальной культуре и искусстве.*

***Ключевые слова***: *радиовещание, жанр, интервью, структура, тема, познавательный, история, культура, синхрон, музыкальное оформление.*

*During this period, genres in journalism are in motion, being modified, there is a «mixing» of genres, enrichment with new types of journalistic creations. Dialogization of broadcast forms and modification, active movement towards mutual influence, enrichment of genres are characteristic. Dialogue is essentially one of the most characteristic genres for broadcasting – interviews. In the article, the author presents an analysis of the structure and functioning of the interview genre in the cognitive program «Ata zhurt azhary». The purpose of the program «Ata Zhurt Azhary» Birinchi radio through the education of beautiful nature, bringing to the listeners the meaning and value of historical monuments, promoting national traditions, values, culture of nomads to spread informative information about our homeland. Therefore, the program can be devoted to stories through interviews about the wonderful beauties, the history of the Kyrgyz land, or about important events in the fate of the people, folk art, national culture and art.*

***Key words:*** *radio broadcasting, genre, interview, structure, theme,cognitive, history, culture, synchron, musical arrangement.*

Учурда журналистикадагы жанрлар окумуштуулар Г.Ибраева, А.Тертычный, В.Смирнов белгилегендей абдан кыймылдуу, модификацияга, өзгөрүүгө дуушар болуп, жаңы журналисттик чыгармалар менен толукталып жатат. Казак окумуштуусу Н. Омашев «журналистикадагы жанрлардын дайыма жаңыланып, өзгөрүп турушу чындыкты чагылдыруунун өзгөчө формасына жана ыкмасына көз каранды болгон закон ченемдүү процесс» катарында карайт [1, 194-б.]. Ошентип, учурда журналистикалык жанрлардын палитрасынын кеңейиши закон ченемдүү көрүнүш болуп эсептелет. Айрыкча постсоветтик мейкиндикте XX кылымдын 90-жылдары жана 2000-жылдардын башында орун алган коомдук өнүгүштүн таасиринде журналистиканын жанрдык структурасы өзгөрүүлөргө дуушар бологондугун окумуштуулар белгилешет.

Түз эфирдеги программалардын анализи информациялык жанрлар аналитикалык жана көркөм-публицистикалык жанрлардын маалымат аспектисинде пайда болушу менен байып жаткандыгын көрөбүз: *чакан-рецензия, чакан-баяндама, чакан-кеңеш, чакан-окуя, блиц-портре*т ж. б. Аналитикалык жана документалдуу көркөм жанрлардын классикалык түшүнүгүнөн айырмаланып, бул тексттерге фактографиялык жана кыскача баяндоо мүнөздүү. Учурда радиоуктуруулардагы жанрлар классикалык түшүнүктөгү бирдей мааниге ээ эмес [2, 83-85-бб.]. Журналисттердин азыркы справочнигинде да «жанр түзүү-

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



чү фактордук ролун жоготкон информациялык-аналитикалык-публицистикалык сапаттары ар түрдүү катышта аралаш колдонулуш мүмкүндүгү» белгиленет [3, 55-б.]. Айталы, классикалык түшүнүгүндө көлөмдүү очерк же рецензиянын ордуна чакан маалымат жанрларынын көлөмүндөгү 20 же 10 саптан турган радиоматериалдар сунуш кылынууда. Мындай материалдар *блиц-портрет*, же рекламага жакындаган *чакан-рецензия* формасында болушу мүмкүн. Жанрлардагы мындай тенденцияларды гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттердин изилдөөгө алган Н.А. Мапаева да «тексттердин адамдын көңүлүн бургандай көрүнүшкө, рекламалуу мүнөзгө да ээ» экендигин белгилейт [4, 183-б.].

Түрдүү үндөр, интонациялар, экспрессивдүү боекко ээ болгон речь, жанрдык ар түрдүүлүк түз эфирдеги программаларга мүнөздүү көрүнүш. Түз уктуруулардын структурасында жанрлардын өз ара катышы менен жупташкан жанрлар пайда болгондугун көрөбүз: «кабар+интервью», «кабар+комментарий», «интервью+комментарий», «маек+репортаж». Башкача айтканда, түз эфир ар бир жанрдын мүмкүнчүлүгүн динамикалуу шартта ыкчам, максималдуу пайдаланууга түрткү болду [5, 160-б.].

Айрым очерк, сүрөттөмө, кеңейтилген корреспонденция, комментарий сыяктуу жанрлар экинчи планга өтүп, ал эми фельетон дегеле кездешпей калды. Угуучуларга тарыхый, илимий, адабий маалыматтарды жеткирүүдө, угуучулардын билим-маданият деңгээлин көтөрүүдө зор мааниге ээ болгон документалдуу көркөм жанрлардын улам сейрек кездешишин окумуштуу В.Смирнов жалпы эле радиоуктуруулардын баарлашууга ыктагандыгы менен түшүндүрөт [6, 16-17-бб.].

Буга мисал тасмага жазылып даярдалган «Ата журт ажары» программасында да диалогдук жанрлардын көбүрөөк колдонулушун айтсак болот. Биринчи радионун эфиринен тартууланган «Ата журт ажары» программасынын максаты Кыргызстандын ажайып кооз жерлерин даңазалоо, тарыхый эстеликтердин маанисин, баалуулугун угармандарга жеткирүү, кыргыздын нарк-насилдерин, улуттук каада салттарын, көчмөндөр маданиятын жайылтуу аркылуу ата-журтубузду таанытуу болуп саналат. Уктуруу бейшемби күндөрү эртең мененки саат 7-30да эфирге чыгат. Башка программалардай эле өзүнүн структурасына, музыкалык жасалгасына ээ. Уктуруу дайыма туруктуу **жарнамалык-анонс** менен башталат. Кыл кыяктын коштоосунда, шылдыраган суунун дабышы фон катарында угулуп турат:

*«Кыргыздын жери - керемет. Табийгат тартуулаган не бир кооз жайлары көзгө көркөм көрүнөт. Кылымдардан бери мөңгү мекендеген аскалары, мүрөктөн артык булак суулары, салкын төрлүү жайлоолору ажайып. Булардын баары «Ата журт ажары» программасында.»*

Мындан соң алып баруучу Кадыр Халиловдун саламдашуусунан кийин «Ата журт ажары» уктуруусунун кезектеги чыгарылышынын **темасын** атоо менен улантылат. Программа Кыргызстандын аймактарындагы ажайып кооз жерлерге, алардын тарыхына, же кыргыз жергесин даңктаган маанилүү окуяларга, кол өнөрчүлүккө, улуттук маданият, искусство темаларына арналышы мүмкүн. Уктурууда негизинен интервью, маек, комментарий жанрларын, синхрондорду колдонуу ыкмаларын кездештиребиз. «Ата журт ажары» программасынын 2016-жылдын 17-февралдагы чыгарылышта Нарындагы «Таш рабат» кербен сарайынын, «Салкын төр» эс алуучу жайы жөнүндө баяндалат. Программанын башында алып баруучунун кириш сөзү менен бул чыгарылышта Нарын жергесиндеги тарыхый эстеликтердин мааниси жана алардын учурда калктын жашоо образына кандай таасир берип жаткандыгы жөнүндө сөз боло тургандыгы маалым болот:

- *Кыргызстан ажайып кооз жайларга, салкын төрлүү керемет аймактарга бай. Өзгөчө Нарын облусунун аймагы экотуризмди өнүктүрүүгө ыңгайлуу. Мындай жагдайды эске алган облустун жетекчилери акыркы жылдары бул багытта айтарлык аракеттерди жүзөгө ашырып келет. Айталы, Атбашы районунда табият тартуулаган тарыхый жайлар аз эмес. Алардын арасында Кербен сарай тарыхый жайы экотуризмди өнүктүрүүдөгү негизги орду катары пайдаланып келүүдө. Бул өңүттө райондук мамлекеттик администрациянын адиси Ажар Дүйшөналиева бизге мындай маалыматтарды берди.*

Журналист маалымат булагын атоо менен андан ары А. Дүйшөналиеванын **синхрону** аркылуу, башкача айтканда биринчи маалымат булагынын өз оозунан уктуруу менен эфирге алып чыккан. Бул, албетте, биринчиден маалыматты башка үн менен берип уктурууну монотондуулуктан арылтса, экинчиден маалыматтын ишенимдүүлүгүн арттырат:

- *Ушул тарыхый Кербен сарайга «Достук» турфирмасы, «Нарын» фирмасы, жеке ишкерлер тарабынан боз үйлөр тигилет да. Өткөн жайда чет өлкөдөн 927 адам, ал эми кыргызстандыктардан болсо 3569 адам келип эс алып кетишкен. Ал эми жеке ишкерлерден Наматова, Дүйшөлиева, Качкыналиев, Адылова жана Карпекова тарабынан туристтер чакырылып, конок үйлөрү уюшулган...*

*Анан келген туристтердин санын көбөйтүү, районго сырттан максималдуу каражат тартуу боюнча ар кандай иш аракеттер бүгүнкү күндө каралып келүүдө... Чет элдик туристтерди тартуу максатында «Биринчи май» айылында «Туюк ооз» капчыгайында конок үйлөр уюштурулду. Кымыз*

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



*ичүү менен дарылоону колго алуу иштери жасалууда...*

Ошентип, угуучулар райондук администрациянын жооптуу кызматкеринин сөзүнөн учурда тарыхый эстелик болгон Кербен сарайга туристтерди тартуу үчүн кандай шарттар түзүлүп жаткандыгы жөнүндө кабар алат. Албетте, бул туризм сервисин өнүктүрүүдө маанилүү фактор болуп эсептелинет. Уктуруунун экинчи бөлүгүндө Нарын областында туризм боюнча иш алып барган адис **Динара Жунусова** менен болгон **интервью** сунушталган. Албетте, радиожурналистикага интервью башка жанрлар сыяктуу эле газетадан келген. Бирок, жаңы шарттарга ылайык ал бат эле адаптацияланып, радиожурналистикага тиешелүү болгон жаңы мүнөздө калыптанып, өнүгүп-өсүүдө.

Радиоинтервью менен гезиттик интервьюнун тамырлаш экендигине карабастан, экөөнүн ортосундагы айырмачылыктар бар. Радиоинтервьюда жооп кандай мазмунда жазылса, ошол бойдон эч өзгөрүүсүз калат. Мындан тышкары, сүйлөгөн адамдын үнү, речтик стили, интонациясы ж.б. өзгөчөлүктөрү толугу менен сакталып калат.

«Ата журт ажары» программасындагы интервьюдан кийинки жылдары Нарындын «Салкын төр» жаратылыш эс алуу паркында ар кандай жарменкелер өткөрүлүп, белгиленген иш мерчемдери боюнча кызыктуу салтка айланган иштер уюштурулуп жаткандыгына күбө боло алабыз. Ошентип **Динара Жунусова** менен болгон **интервью** жанрдын талабына ылайык суроо-жооптордон турат. Уктурууда интервью журналисттин кириш сөзүндөгү маалыматтын алууда ким менен маектешкендигин билдирүү менен башталат. Журналисттин чакан **кириш сөзүнөн** кийин адистин жообу берилген:

– *«Салкын төр» эс алуучу жайы бул Нарын районуна караштуу аймакта жайгашкан. Салкын төрдө негизинен жатаканасы бар, гостиница. Андан сырткары мобу сезондо боз үйлөр тигилет. Ал жакта ...ммм... каалочулар эс алып, ошо «Салкын төрдүн» таза абасынан дем алып, ошол жерде боз үйдө жанагы эме болот да, мындай кымыздан ичи-ип, ии-и сезон убагында бир он күндүк дарыланып кетүү мүмкүнчүлүгүн түзүп, азыр бизде жеке туристтик көз караштa иштеген базаларыбыз бар. ..*

- ***Акылары кандай?***

- *Акылары, мисалы ат менен жүрүү деген бар, каалоочулар болсо саатына 60 сомдон 100 сомго чейин болот. Андан сырткары боз үйдө жатып эс ала турган болсо, ал деле сүйлөшүү жолу менен. Эгерде продуктуларын өздөрү алып келсе анда арзаныраак болот...*

– *Эми ошо баргандар кокусунан ден-соолугу начарлап, сыркоолоп калган учурда медициналык жардам көрсөтүүгө мүмкүнчүлүктөр барбы?*

– *Ооба, медициналык пункуттар уюштурулган. Пункут болсо, ошол жерде какраз айыл өкмөтүнүн аймагында болгондуктан, Дөбөлүү деген айыл өкмөтүбүз бар,ошол Дөбөлүү айыл өкмөтүндө медициналык пункт уюштурулган. Ал жерде, сөзсүз түрдө, биринчи медициналык жардамды көрсөтүү боюнча иштер алып барылат...*

Музыкалык ажырым болгондон кийин журналист Нарын облустунда экотуризмди өнүктүрүү багытында бир катар иш мерчемдери белгиленип, муну менен жергиликтүү калкка сырттан келген туристтерди тосуп алуу, аларга заманбап кызмат көрсөтүү, улуттук тамак-аштарды, үрп-адат, каада-салттарды жайылтууга мүмкүндүктөр жаралып жаткандыгын белгилеген.

Ошентип **интервьюнун структурасы** киришүүдөн, суроо-жоопту камтыган негизги бөлүктөн жана жыйынтыктан турат. **Киришүүдө** ким менен эмне жөнүндө сөз боло тургандыгы жөнүндө маалымат алабыз: **ким? –** туризм боюнча иш алып барган адис **Динара Жунусова, эмне жөнүндө? –** Нарындын **«Салкын төр»** жаратылыш эс алуу паркы.

Суроо-жооптордон турган *негизги бөлүк «Салкын төр» жаратылыш паркында түзүлгөн шарттар, «Ынтымак» ыр кесесин өткөрүүгө даярдыктар, кызмат көрсөтүүнүн акысы, медициналык тейлөө, «Шырдак», «Кымыз» фестивалдарын уюштуруу* сыяктуу маселелерди камтыган.

**Жыйынтыгында** журналист бир кезде мал чарбасы менен гана алектенген элет калкына эми кыргыздын каада салттарын, ажайып кооз жерлерин даңазалоого, анын аркасында каражат табууга зор мүмкүнчүлүктөр түзүлүп жаткандыгын айткан.

Интервьюну классификациялоонун бир топ принциптери бар. Алар: интервью берген адамдын жообунун формасы боюнча, интервью алуунун сырткы формасы боюнча, интервью алуунун ордуна ж.б. ушул сыяктуу бөлүштүрүүлөр колдонулат. Ал эми информациялык интервьюлар *протоколдук-интервью, интервью-диалог, блиц-интервью, пресс-конференция* ж.б. болуп бөлүнүшү мүмкүн. Биз анализге алган интервью бир адам менен болгон диалогдун суроо-жоопторунан тургандыктан **интервью – диалог** түрүнө киргизсек болот.

Ал эми «Ата журт ажары» программасынын 2016-жылдын 22-февралындагы чыгарылышы кызыктуу темага – кыргыздын шырдагына арналган. Уктуруу «**комментарий + синхрон + комментарий + синхрон + комментарий»** схемасы менен берилген.

Программанын негизги материалдары ошол учурда өтүп жаткан шырдак көргөзмөсүнөн уюштурулган. Бул жөнүндө респонттердин сүйлөгөн сөздөрү, синхрондордогу дабыштык фондор такстыктайт. Уктурууда кыргыз шырдагынын бүгүнкү күндөгү ор-

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



ду туурасында Гапар Айтиев атындагы көркөм сүрөт музейинин өкүлү **Алмагүл Найзабекованын** баяны (синхрону) сунушталган. Анын сөзү аркылуу музейде уюштурулган шырдак көргөзмөсү, бири бирине окшобогон кереметтүү улуттук буюмдун өзгөчөлүктөрү, маани-маңызы, шырдак өнөрүнүн жаңы тенденциялары жөнүндө кеңири маалымат алабыз.

А. Найзабекова учурда шырдак жасоо өнөрүнүн жакшы өнүгүп жатканын белгилейт. Ат-Башыдагы өткөн «Шырдак» фестивалы, жыл сайын болгон «Оймо» фестивалы, музейдеги көргөзмөнүн ийгилиги буга күбө экендигин тастыктайт. Мындай иш чаралардан жылдан жылга шырдактардын сапаты жакшыргандыгын байкоого болот. Шырдакка көп кардарлар, айрыкча чет өлкөлүктөр кызыгат.

Өз баянында адис Н.Найзабекова шырдакка байланыштуу кызыктуу фактыларды келтирген. Айталы, Нидерландда элчилик аркылуу бир айым «Шырдак» деген аталыштагы галлерея ачып алган. Ал Кыргызстанга келип, рынокту үйрөнүп, кол өнөрчүлөр менен такай байланыш түзүп, кыргыздын шырдактарын өз өлкөсүндө сатат. Ал эми Американын Балтимор шаарынан келген дагы бир айым «Караван сарай» деген галлериясында кыргыз уздарынын колдорунан жаралган шырдактарды сатууну уюштурган. Кыргыздын боз үйлөрүн тиктирип алып Англияда ийгиликтүү бизнес жүргүзгөн чет элдик жарандар да бар.

Көркөм сүрөт музейинде ачылган маркетинг бөлүмү кыргыздын кол өнөрчүлүгүн дүйнөлүк коомчулукка жайылтуу максатында улуттук буюмдарды сатуу үчүн демөөрчүлөрдү, чет элдик кардарларды тартуу боюнча активдүү иш жүргүзүп жатат. Кыргыз уздарынын көпчүлүк шырдактарына ЮНЕСКО тарабынан сапат белгиси берилген. Бул белгиге ар бир кол өнөрчү татыктуу боло бербейт.

«Шырдак жерге салынса да, бүктөп жыйып койсо дагы үйдүн көркү» - дейт «Байыркы көчмөндөр цивилизациясы» фондунун жетекчиси Кубан Чороев. Шырдак ЮНЕСКОнун материалдык эмес маданий байлыктарынын тизмесине киргизилгендиги дүйнөлүк деңгээлде шырдактын жогору баалангандыгынан кабар берет.

Радиоуктурууда тексттик материалдар гана эмес барган сайын музыкалык материалдардын мааниге ээ болгондугун байкайбыз. Музыка «Ата журт ажары» программасын өзгөчө жүзүн ачып, мекен жөнүндөгү обондун мукамдуу кайрыктары ажайып Ала-Тоону жердеген кыргыздарда сыймыктанууну сезимин күчөтөт.

Ошентип музыкалык жасалга, фон үчүн гана колдонулбастан, эмоционалдык таасир берүүчү маанилүү каражатка айланды. Программанын структуралык түзүлүшү музыканы жана жанрларды ийкемдүү айкалыштырууну шарттады жана алып баруучунун ролун жогорулатты. «Ата журт ажары» программасын жанрдык талдоо уктурууда негизинен **интервью** жанры активдүү колдонула тургандыгын көрсөттү.

**Адабияттар:**


1. Омашев Н. В борьбе с негативным. Алмата, 1990.
2. Новиков К.Ю. Радиорепортер и радиорепортаж в XXI в. - М., 2005.
3. Справочник журналиста Казакстана. / Главный редактор Козыбаев С.К. - Алматы: Санат, 2002.
4. Мапаева Н.А. Гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттердин графикалык жактан жабдылыш өзгөчөлүктөрү. / Известия вузов Кыргызстана, №4, 2019, 180-184-бб.
5. Дүйшекеева А.Т. Радиожурналистиканын негиздери. - Б., 2013.
6. Смирнов В.В. Жанры радиожурналистики. Учебное пособие для вузов. - М.: Аспект Пресс, 2002.